**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д 07.23.671**

# ПРОТОКОЛ №

**26.03.2025ж.** **Бишкек ш.**

**Төрага: Осмонов Ө. Ж. - т.и.д., профессор**
**Окумуштуу катчы: Карыева А. К.- т.и.д., доцент**

**Катышкандар:**

1. Осмонов Өскөн Жусупбекович (төрага) - т.и.д. (07.00.02), профессор.
2. Айдаркул Каана (төраганын орун басары) - т.и.д. (07.00.02; 07.00.03), профессор.
3. Карыева Анара Карыевна (окумуштуу катчы) - т.и.д. (07.00.02;
4. 07.00.09), доцент.
5. Арзыматова Айнура Атыгаевна - т.и.д. (07.00.02; 07.00.03), профессор.
6. Алымбаев Жээнбек Байыскулович - т.и.д. (07.00.09; 07.00.09), профессор.
7. Болпонова Асыл Бактыбековна - т.и.д. (07.00.02), доцент.
8. Джуманалиев Акылбек - т.и.д. (07.00.02), профессор.
9. Жакыпбеков Жаныбек - т.и.д. (07.00.09), доцент.
10. Ормушев Асан Сулайманович - т.и.д. (07.00.02), профессор.
11. Омурова Жаймыкат Орозобековна - т.и.д. (07.00.02; 07.00.03), доцент.
12. Эсенкулов Нурмамат Жокенович - т.и.д. (07.00.02), доцент.

## КҮН ТАРТИБИНДЕ:

1. Жумалиева Венера Боронбаевнанын “Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү” 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын алдын ала коргоо.

*Илимий жетекчи:* Ормушев Асан Сулайманович - т.и.д., профессор

**Төрага:** Күн  тартибине кандай сунуштар бар? Урматтуу кесиптештер, добуш берүүңүздөрдү суранам:

«МАКУЛ»: бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага:** Диссертанттын аттестациялык иши боюнча баяндоо  үчүн сөз диссертациялык кеңештин илимий катчысы т.и.д. А.К. Карыевага берилет.

**Окумуштуу катчы:** Саламатсыздарбы, Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү  Изденүүчүнүн аттестациялык делосу менен тааныштырды.

**Төрага:** Урматтуу кесиптештер, диссертанттын аттестациялык делосу боюнча суроолоруңуздар барбы? Эгерде суроолор жок болсо, анда сөз изилденүүчүгө берилет.

**Жумалиева Венера Боронбаевна:** Урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү ! Адамзаттын тарыхында белгилүү улуу инсандардын орду эбегейсиз чоң. Улуу инсандарды өз дооруна тийгизген таасири, учурдагы кыйынчылыктарды жана тоскоолдуктарды жеңиши, коомдун өнүгүшүнө кошкон салымы аркылуу баалоого болот. Айрыкча кыргыз совет мамлекеттүүлүгүн түптөөдө жана калыптандырууда саясий жана мамлекеттик чыгаан инсандардын ишмердүүлүгүн илимий негизде изилдөө бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын президенти С.Жапаровдун 2021-жылы 11-февралдагы “Азыркы кырыгыз мамлекеттүүлүгүн түзүүгө зор салым кошкон Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана саясий ишмери Жусуп Абдрахмановдун элесин түбөлүккө калтыруу жана анын туулган күнүнүн 120 жылдыгын жогорку улуттук деңгээлде майрамдоо»  жарлыгында Кыргызстандын совет доорунун тарыхындагы өнүгүү мезгилин акыйкаттык менен изилдеп, чыгаан мамлекеттик ишмер Жусуп Абдрахмановдун ар тараптуу мамлекеттик ишмердүүлүгүн жаңыча көз караш менен изилдөө маселеси көтөрүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин №361 Жарлыгы менен 2021-жылдын 27-августунда мамлекеттин жана Кыргызстан элинин алдында көөнөрбөс эмгеги жана туулган күнүнүн 120 жылдыгына байланыштуу советтик мамлекеттик жана партиялык ишмер Жусуп Абдрахмановго «Ак Шумкар» өзгөчө белгисин тапшыруу менен «Кыргыз Республикасынын Баатыры» эң жогорку артыкчылык даражасы ыйгарылды.

“Кыргыз элим” деп өмүрүн берген улуу кеменгер инсанга кечигип болсо дагы көрсөтүлгөн улуу урмат болду. Анткени элдин келечектеги тагдырын чечкен аракеттери кыргыз тарыхындагы чыгаан инсан экендигин далилдеп, ысмы элдин эсинде түбөлүккө  калды.

Кыргыз совет мамлекетин түптөөдө Жусуп Абдрахмановдун саясий көрөгөчтүгүн, көсөмдүгүн, жогорку деңгээлде ой жүгүрткөн акылмандыгын, улуттук лидер катары өлкөнүн бүтүндүгүн,  көз карандысыздыгын бийик койгон ишмердүүлүгүн окуп үйрөнүүдө жаш муундарды Ата Мекенин сүйүүгө,

мекенчил болууга түрткү берет. Андыктан изилдөөгө алынган диссертациялык эмгек жаңы муунду тарбиялоодо коомчулукка пайда алып келиши менен учурдун талабына жооп берет.

Жусуп Абдрахманов улуттук лидер катары кыргыз мамлекетинин көз карандысыздыгы үчүн болгон саясий күрөштө «Кыргыз мамлекетүүлүгүнүн символу» боло алды.

2024-жылы Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына арналган юбилейлик иш-чараларды өткөрүүнүн алкагында азыркы Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына жана өнүгүшүнө сиңирген эмгегин жана ролун таануу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылы 24-июлдагы № 205 акыйкаттуу Жарлыгында: “Кыргыз Республикасынын жаңы тарыхында саясий элитанын өкүлдөрү – улуттук лидерлер Абдыкерим Сыдыковго, Иманалы Айдарбековго, Жусуп Абдрахмановго, Абдыкадыр Орозбековго, Ишеналы Арабаевге “азыркы Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн аталар” деген наам ыйгарылып, алардын Ата Мекен алдында өтөгөн эмгегин белгилөө менен алардын кыргыз тарыхында али изилдене элек ишмердүүлүктөрүн ар тараптуу илимий изилдөөгө алуу сунушталды.

Кыргыз элинин көз карандысыздыгын коргоодо кыргыз совет мамлекеттүүлүгүнүн пайдубалын түзүүчүлөрдүн башында турган, өлкөнүн эркин өнүгүшү үчүн өмүрүн берген чыгаан мамлекеттик жана саясий ишмер Жусуп Абдрахмановдун көп кырдуу мамлекеттик ишмердүүлүгүн илимий изилдөөгө алуу кыргыз совет мамлекетинин түзүлгөндүгүнүн жүз жылдык тарыхын окуп-үйрөнүү үчүн да актуалдуу болуп эсептелет.

**Диссертациялык иштин башка илимий программалар жана долбоорлор менен байланышы.** Диссертация изденүүчүнүн демилгеси жана илимий жетекчинин жетекчилиги астында бүткөрүлгөн.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Изилдөөнүн максаты-Жусуп Абдрахмановдун өмүр жолу аркылуу Кыргызстанда совет мамлекетинин түптөлүү жана калыптануу мезгилиндеги тарыхына илимий негизде изилдөө жүргүзүү болуп саналат.

Максатка ылайык төмөндөгүдөй милдеттер коюлду:

- Илимий изилдөөнүн тарыхнаамалык жана булактык маалыматтарына талдоо жүргүзүү;
- Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгүн изилдөөдө архивдик материалдарды илимий айлампага киргизүү;
- Жусуп Абдрахмановдун алгачкы ишмердүүлүгүнө илимий баа берүү;
- Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөдө анын улуттук лидерлик сапаттарын аныктоо;
- 1924-жылдагы Орто Азиянын улуттук-мамлекеттик түзүлүштөргө бөлүүдөгү Жусуп Абдрахмановдун ролун талдоо;
- Кыргызстандын 1920-1930-жылдардагы эл чарбасынын өнүгүшүнө кошкон салымын иликтөө;

- Диссертациялык изилдөөлөрдүн негизинде илимий жыйынтык чыгаруу жана практикалык сунуштарды даярдоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**:

1. Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү боюнча илимий изилдөө учурунда Россия (Москва, Самара, Оренбург), Өзбекстан (Ташкент), Казакстан (Алма-Ата) жана Кыргызстанда (Бишкек, Каракол) табылган жаңы маалыматтарды киргизүү аркылуу ар тараптуу изилдөө жүргүзүлдү.

2. Чыгаан мамлекеттик ишмер тууралуу сурамжылоонун негизинде ата-теги, бир туугандары, үй-бүлөсү жана окуп билим алышы тууралуу маалыматтар алгачкы жолу такталды.

3. Жаңы тарыхый булактарга таянып, Жусуп Абдрахмановдун улуттук лидерлик жана мамлекеттүүлүктү түзүүдөгү орду, 20 – 30 – жылдарда өлкөнүн чарбалык – маданий өнүгүшүнө кошкон ишмердүүлүгү кеңири талдоого алынды.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий теориялык жана практикалык мааниси:** Изилдөөнүн жүрүшүндөгү жыйынтыктардын жана болгон материалдардын негизинде Кыргызстандын тарыхында өзгөчө орду бар Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмер катары анын ролун терең түшүнүүгө жардам берүү менен түшүндүрүлөт.

Жусуп Абдрахмановдун диссертациядагы изилденген көп кырдуу бай мамлекеттик ишмердүүлүгү азыркы мезгилдеги Кыргыз Республикасынын демократиялык өнүгүү жолундагы чечилүүнү талап кылган ар тараптуу маселелерди аткарууда кандайдыр бир деңгээлде көмөктөшү мүмкүн. Ошондой эле изилдөөдөн алынган илимий тыянактар жана сунуштар тарыхый инсандардын өмүрүн жана ишмердүүлүгүн окуп – үйрөнүүдө жогорку окуу жайлардын, орто мектептердин Ата Мекен тарыхы боюнча окуу куралдарын түзүүдө, атайын курстарды, семинарларды жана лекцияларды уюштурууда жардамы тиймекчи. Ата Мекен тарыхынын совет доорундагы маселелерди иштеп чыгуу үчүн пайдаланууда көмөк көрсөтөт.

**Диссертациянын коргоо боюнча негизги жоболору:**

1. Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик жана коомдук ишмердүүлүгүн изилдөөдө мамлекеттүүлүктү түзүүнүн башатында тургандыгы, аны чыныгы улуттук лидер деп атоого негиз бар. Анын өмүрү жана ишмердүүлүгү муундардын аң-сезиминде орноп, Ата Мекенди сүйүүнүн үлгүсү катары берилиши зарыл.

2. Жусуп Абдрахмановдун 1924-жылдагы Орто Азияны улуттук-аймактык мамлекеттерге бөлүүдөгү орду өзгөчө болгон.

3. Жусуп Абдрахманов 1920-30-жылдарда эле кыргыз тилинин милдеттүү түрдө окутулушу жөнүндө саясий документтерди кабыл алган. Мындай чечимдер анын улуттук интеллигенциянын ири өкүлү жана дареметти күчтүү, келечекти алдын ала көрө билген жетекчи экендигин айгинелейт.

4. Жусуп Абдрахманов Кыргыз АССРдин Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы болуп иштеп турган мезгилде темир жол аркылуу соода экономикалык байланышты өнүктүрүү керек экендигин туура баамдаган. Азыркы улуттук кыргыз темир жол тармагынын алгачкы каттамдарынын курулушуна негиз салган.

5. Көмүр казып алуу – оор индустриянын негизги тармактарынын бири болгондуктан Жусуп Абдрахмановдун жетекчилиги астында жаны техникалар менен жабдылып, көмүр казып алуу бир кыйла жогорулаган.

6. Анын демилгеси менен Сүлүктү көмүр ишканасын Өзбекстандан Кыргызстанга өткөрүп берүү зарылчылыгын 1927-жылы 7-майдагы каттын негизинде И.В.Сталинге кайрылган. Өкмөт башчы катары Жусуп Абдрахмановдун расмий кайрылуусунан кийин 1927-жылы 8-июлда СССР БАКтын Президиуму Сүлүктү көмүр кенин Кыргызстанга өткөрүп берүү жөнүндөгү чечимин кабыл алган.

7. Жусуп Абдрахманов таланттуу уюштуруучу, келечекти көрө билген жетекчи катары 26 жаш курагында алгачкы кыргыз өкмөтүн жетектеп, Кыргызстандын эл чарбасындагы эң орчундуу ири долбоорлордун ишке ашышын камсыз кылган. Айыл чарбасын өнүктүрүү аркылуу калкты тамак-аш, азык-түлүк, өнөр жайды чийки зат менен камсыз кылуу максатын көздөгөн. Мал чарбачылыгы, дыйканчылык аркылуу айыл чарбасынын өнүгүшүнө шарт түзгөн.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**: Илимий изилдөөнү жүргүзүүдө мурда коомчулукка белгисиз болуп келген жаңы тарыхый маалыматтарды Россия мамлекеттик социалдык – саясий тарыхы архивинен (РГАСПИ), Оренбург облатынын мамлекеттик архивинен (ГАОО), Самара областынын борбордук мамлекеттик архивинен (ЦГАСО), Казахстан Республикасынын Президенттик архивинен (АП КР), Өзбекстан Улуттук архивинен (НАУ), Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик коомдук-саясий документтер (ЦГА ОПД КР), Кыргыз Республикасынын Борбордук архивинен (ЦГА КР) жана Ысык-Көл областынын мамлекеттик архивинен (Иссык-Кульский ОГА) табууга жетиштим. Ошондой эле мурда жарык көргөн илимий эмгектер жана мезгилдүү басма сөз каражаттарынын маалыматтарынан колдонулду. Тилекке каршы, УККнын архивдик материалдарын пайдалануу иштери кыйынчылыктарды жаратты. Бирок, автор архивдик материалдар жана документтер менен толукталган көптөгөн булактарга таянды.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын апробацияланышы.** Диссертациялык иштин негизги мазмуну жана илимий корутундулары республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда баяндама жасалды. Ошондой эле, 1924-жылы февраль айында Стамбул (Турция) шаарындагы Айдын университетинде Жусуп Абдрахманов тууралуу лекция окулуп, Кара-кыргыз автономиялык областтын 100 жылдыгына карата И.Арабаев атындагы КМУнун М.Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтунда архивдик материалдардын негизинде “Кылым кыйыры: Кара-Кыргыз автономиялык областтын түзүлгөнүнө 100 жыл” аталышындагы көргөзмө уюштурулду. Бул көргөзмө Кыргызстандын региондорундагы ЖОЖдо

да уюштурулуп, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн негизин түптөгөн белгиүү инсандардын, башкача айтканда, Ж.Абдрахмановдун, И.Арабаевдин, С.Чоңбашевдин, Ж.Садаевдин, И.Тойчиновдун ж.б. көрүнүктүү мамлекеттик ишмерлердин жеке документтери коомчулукка көрсөтүлдү. Бул көргөзмө Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы Элчилигинде коюлуп, Жусуп Абдрахманов тууралуу Элчиликте жана Москва шаарындагы Жогорку экономика мектебинин студенттерине лекция окулду.

**Диссертациянын илимий жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу:** диссертациянын негизги жоболору жана корутундулары 1 монографияда жана Ата мекендик жыйнактарда 14 макала жарык көргөн, анын ичинде  2 макала РИНЦ системасына кирет.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү**. Диссертация кириш сөздөн, төрт бөлүмдөн, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат!

**Төрага:** Урматтуу кесиптештер, күн тартиби боюнча изденүүчүгө суроолоруңуздар, сунуштарыңыздар барбы?

**Эсенкулов Н.Ж.:** Жусуп Абдрахманов жөнүндө китеби чыгыптыр, жакшы иш кылышыптыр.Сизге төмөндөгүдөй суроо. Иштин актуалдуулугуна КАОнун 100 жылдыгын негиздеп, азыркы кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн аталар жөнүндө кошсо жакшы болмок деп ойлойм. 3-бап боюнча “өз алдынчалыкка жетүү” аталышын ойлонуп көрсөнүздөр. Ал эми 4-бапта эл чарбасы деп аталышта , аны биз экономика деп түшүнөбүз, маданият, саламаттыкты сактоо ж.б. бириктирсе жакшы болмок деп ойлойм. Силер кандай карайсыздар?

**Жумалиева В.Б.:** Сиздин сунуштарыңызга кошулабыз, оңдоого аракет кылабыз.

**Арзыматова А.А.:** Китеп жөнүндө олуттуу изилдөө болгон. Кызыктуу бир отуруп эле, окуп чыктым. Биз билбеген фактылар көп экен. Жеке турмушу, балдары, бир туугандары. Авторефератты которгондо мүчүлүштүктө бар экен. Карап койсонор. Иштеги милдеттер менен жоболор дал келиши керек эле, дал келбей калган. Тактап койсоңор.

**Жумалиева В.Б..:** Ырахмат! Которуудагы ката техникалык жактан кетип калган, оңдойбуз. Кийинки суроодогу эскертүүңүздү эске алабыз жана тиешелүү оңдоолорду жасайбыз.

**Төрага:** Эгерде диссертанттка башка суроолор жок болсо, сөз диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясына берилет. Корутунду менен таанышуу үчүн сөз тарых илимдеринин доктору, доцент Болпонова Асыл Бакытбековнага берилет

**Болпонова А.Б.** Жумалиева Венера Боронбаевнанын 07.00.02 – Ата-Мекен тарыхы адистиги боюнча боюнча “Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү” деген темадагы диссертациясы менен таанышып чыктым.

Илимий иште төмөндөгүдөй кемчиликтер жана эскертүүлөр бар.

Теманын аталышына «коомдук-саясий» деген сөздөрдү кошуу сунушталат, анткени диссертациянын 4-бөлүмүндө Ж. Абдрахманов жетектеген коомдук-саясий реформалар кеңири чагылдырылган. Демек, тема төмөндөгүдөй аталышы мүмкүн: “Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик жана коомдук-саясий ишмердүүлүгү”.

Кириш сөз бөлүмүндөгү “Коргоого коюлган жоболордо” 7 пункт көрсөтүлгөн. Бул жоболорду кайра иштеп чыгуу зарыл. Эгер мүмкүн болсо, 5 жана 6-пункттарды бириктирүү сунушталат.

“Ж. Абдрахмановдун күндөлүгүнүн тарыхый ролун аныктоо” деген жобонун акыркы пункту суроо жаратууда. Бул пунктту “Коргоого коюлган жоболорго” кошуу зарылбы? Анткени, күндөлүктөн алынган цитаталар бардык параграфтарда кездешет, бирок өзүнчө параграф катары жок.

Тарыхнаама боюнча суроо: Казакстандык изилдөөчүлөр тарабынан Ж. Абдрахмановго арналган азыркы мезгилдеги илимий изилдөөлөр барбы?

2.2-параграфта, методология бөлүмүндө 1990-жылдардан мамлекеттик, саясий ишмерлер, баатырлар жана белгилүү тарыхчылар сыяктуу тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүн изилдөөчү мектеп калыптанганы тууралуу белгилөө зарыл. Чет элдик историографияда бул багыт “Биографиялык тарых”, “Лидерлик жана тарых”, “Жекечеленген тарых” деп аталат.

3.2 жана 4.1-параграфтарда илимий жана сандык маалыматтардын саны анализи жетишсиз берилген. Фактылар монотондуу баяндалган, аналитикалык түшүндүрмөлөр жок. Диссертациянын предметин түзгөн бул бөлүмдөр боюнча Ж. Абдрахмановдун ишмердүүлүгүн тематикалык блокторго бөлүп, сандык маалыматтарды таблица, графиктерде көрсөтүп, анализ жүргүзүү керек.

“Жыйынтыктар” бөлүмүндө коюлган 7 милдет боюнча толук жана так жыйынтык берүү керек. Милдеттер менен жыйынтыктардын ортосунда дал келбестик бар.

Практикалык сунуштар – үстүртөн берилген, тереңдетилген талдоо жана практикалык багыттан алыс.

Ж. Абдрахмановдун ишмердүүлүгүндөгү негизги даталар жана окуялар чагылдырылган таблицаны тиркөө сунушталат.

144 аталыштагы адабияттардын тизмеси техникалык жактан иретке келтирилүүгө муктаж.

Анын илимий ишиндеги негизинен Кыргызстандын XX кылымын 20-30-жылдарындагы административдик-аймактык түзүлүшү боюнча изилдөөсү талапка ылайык. Макалалары да чыккан. Ошону менен катар төмөнкүдөй кемчиликтер да бар.

1. Тарыхнаамада советтик жана постсоветтик доордогу авторлордун эмгектерин өз-өзүнчө бөлүп кароо керек.

2. Илимий эмгекте грамматикалык, стилистик, орфографиялык каталар кездешет. Редакциялык ишти жүргүзүү талапка ылайыктуу.

Жумалиева В.Б. “Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү” аттуу 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын жогоруда көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөргө карабастан өз алдынча жазылган илимий эмгек деп эсептесе болот. Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет.

**Төрага:** Корутунду менен таанышуу үчүн сөз тарых илимдеринин доктору Ж.О.Өмүровага берилет.

**Өмүрова Ж.О.:** В.Б.Жумалиеванын диссертациялык иши бизге келип түшкөн. Тема актуалдуу. Совет мезгилиндеги ушул аталардын эмгеги болбосо, ушундай жаркыраган турмушта жашайт белек? Инсандардын тарыхы сөзсүз изилдениши керек. Диссертациянын жакшы жагын айтып коюшубуз керек. Анткени диссертант Россиядагы, Ташкенттеги жана казакстандагы архивдерден Жусуп Абдрахмановдор жөнүндө уникалдуу материалдарды тапкан.

Жумалиева Венера Боронбаевнанын диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен айрым бир мүчүлүштүктөр бар.

1. Диссертациялык иштин киришүүсү ЖАКтын талаптарына ылайык жазылуусу шарт. Иштин коюлган максаты, милдети, илимий жаңылыгы, коргоого алып чыгуучу жоболору кыскача түшүнүктүү берүү зарыл. Коргоого алып чыгуучу жоболорунда Ж. Абдрахмановдун Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөдөгү салымдарды белгилеп көрсөтүү керек (7-8 б.)

2. Диссертациялык илимий ишке негиз болуп берген тарыхый булактар (25-б.) орусча берилген, аталган булактарды колдонулган адабият тизмесине берип, ага кыскача анализ берүү керек.

3.. Илимий иштин корутундусун жана практикалык сунуштарын кайрадан дыкат карап чыгуу шарт. Ошону менен катар колдонулган булактардын жана адабияттардын тизмеси ЖАКтын талаптарына ылайык келтирүү керек.

4. IVбап. Кыргызстандын 1920-30-жылдардагы «социалдык-экономикалык, саясий жана маданий тармактарына» деген аталыштын ордуна Эл чарбасынын өнүгүшүнө кошкон салымы деп атоо сунушталат. Ушул эле бапка Ж.Абдрахмановдун ишмердигин чагылдырган бир параграф кошуу да сунушталды.

В.Б.Жумалиеванын “Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттүүлүк ишмердүүлүгү” аттуу 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясы Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы тарых, археология институтунун алдындагы тарых илимдерини доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын

изденип алуу үчүн уюштурулган Д. 07.23.671 диссертациялык кеңешинде коргоого сунушталат.

**Төрага:** Корутунду менен таанышуу үчүн сөз кийинки эксперт, тарых илимдеринин доктору, профессор Ж.Ж.Жакыпбековго берилет.

**Ж.Ж.Жакыпбеков.** Жумалиева Венера Боронбаевнанын диссертациялык ишинин жакшы жагын белгилеп кетким келет. Колдонулган адабияттардын тизмесинде архивдик материалдар көп. Көп маалыматтарды тапкан. Жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен айрым бир мүчүлүштүктөргө бар.

1. Диссертациялык изилдөө ишинде 3-бапта орус-тузем деген терминди тактто зарыл, себеби бул мектепте окуган алгачкы кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрү бул мектептен билим алышкан.
2. Диссертациялык илимий иштеги (3-бап) кыргыз мамлекетинин көз карандысыздыгы үчүн болгон күрөштө топтук күрөш дагы орун алган. Ушул жерге кудайкуловдук топ тууралуу кененирээк берилсе деп сунуштайм. Себеби, 20-30 жылдары топтук күрөш курчуган мүнөзгө өткөн..
3. Илимий изилдөөдө сүйлөмдөр жана сөздөр кайталанып калган. Сүйлөмдөрдүн стилдик жана техникалык жагдайлары дагы каралууга тийиш.

Жыйынтыктап айтканда “Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү” аттуу 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын Д.07.23.671 Диссертациялык кеңештин кароосуна ачык коргоо үчүн кабыл алууга сунуштайм.

**Төрага:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү эксперттик комиссиянын корутундусу боюнча суроонуздар жок болсо, анда диссертациялык кеңештин токтомун бекитүүгө өтөлү.

Урматтуу кесиптештер, эксперттик комиссиянын корутундусун жана диссертациялык кеңештин Д.07.23.671 токтомун бекитүү үчүн добуш берүүңүздөрдү суранам.

**«МАКУЛ»: бир добуштан кабыл алынды.**

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана КР УИАнын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д 07.23.671 диссертациялык кеңеши

**Токтом кылат**

1. В. Б. Жумалиеванын “Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү” деген темадагы кандидаттык диссертация боюнча диссертациялык кеңештин эксперттик корутундусу бекитилсин.

2. В. Б. Жумалиеванын “Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү” деген темадагы диссертациялык иши 07.00.02. - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча коргоого кабыл алынсын.

3. Бекитилсин:

*Жетектөөчү мекеме катары* – К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы» кафедрасы.

*Биринчи расмий оппонентикке* – Болпонова А. Б. - тарых илимдеринин доктору, доцент.

*Экинчи расмий оппонентикке* - Кунтубаева А. А.- тарых илимдеринин кандидаты.

Диссертациялык кеңештин төрагасы
т.и.д., профессор Осмонов Ө.Ж.

Окумуштуу катчы,
тарых илимдеринин доктору Карыева А.К.